# ӨСПҮРҮМ КУРАКТАГЫ ОКУУЧУНУН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН ПЕДАГОГИКАЛЫК ТАЖРЫЙБАСЫНАН

**МУХАММЕД ГУНДОГДУ,**
*БГУ, аспирант*

Биз бул билдирүүдө республиканын бир катар орто мектептеринде, айрыкча кыргыз-түрк лицейлерде өспүрүм курактагы окуучунун жеке табигый ички чыгаррмачылыгын калыптандырып, аны менен гана чектелбей андан ары өнүктүрүү маселеси боюнча жүргүзгөн педагогикалык тажрыйбабыз тууралуу айтып берели дедик. Жалпы билим берүүчү орто мектептердин айрыкча кенже курактагы окуучуларынын чыгармачылыгын өнүктүрүү педагогика менен психология илимдеринде негизги факторлордун бири экендигин салтуу педагогика да инновациялык теориялар да көптөн бери тастыктап келет.

Соңку мезгилдердеги коомдук аң-сезимдин өнүгүүсү, андагы окутуп-тарбиялоо процессиндеги позитивдүү тенденциялар ар бир адамдын (айрыкча мектеп курагындагы жаш адамдын) жеке, керт башынын эркиндигинин артышына объективдүү шарттар менен ы ыңгайлуу өболгөлөрдү түзүп берди. Учурдун талаптарына ылайык орто мектептин төмөнкү класстарынан тартып эле ар бир окуучунун келечектеги тандай турган кесибине жана жалпы эле сабактарга болгон кызыгуусунун, мунун таасири менен анын жеке чыгармачылыгынын артышы күндүн актуалдуу маселесине айланып калды. Мына ушунун натыйжасында личностун калыптанышында адамдын эркин тандоосу, анын жеке чыгармачылыгынын өнүгүүсү негизги маселе болуп эсептелет. Анткени жеке чыгармачылык ар баланын ар тараптуу өнүгүшүнө, өзүнүн жөндөмдүүлүктөрүн ар тараптуу өнүктүрүшүнө шарттарды түзүп берет. Мындай көрүнүш учурдагы педагогиканын негизги фактору жана педагогикалык-психологиялык талаптары.

Өспүрүм курактагы мектеп окуучусунун чыгармачылыгын өнүктүрүүнүн педагогикалык негизги фактору - анын тигил же бул предметке (сабакка) болгон өзгөчө кызыгуусу эмес, дегеле, анын жалпы ички табигый жөндөмдүүлүгү, же болбосо, психологиянын түшүнүгү менен айтканда, ички интеллекти экендигин айтышыбыз керек.

Чыгармачылык жөндөмдүүлүк – бул инсандын (личность) жеке касиет-белгилери менен ички интеллекти же болбосо, ички табигый жөндөмдүүлүктөрүнүн синтези, булар ошол окуучунун тигил же бул иш-аракетине же чыгармачылык ишмердүүлүгүнө дал келе турган деңгээлин аныктап турат. Булар, чынында, белгилеп коюшубуз керек, ар бир ишмердүүлүктө, ар кандай кырдаалдарда ошого жараша өзгөрүп турушу толук мүмкүн, ушунун өзү чыгармачылык деп аталат. Так мына ушул чыгармачылык жөндөмдүүлүктүн педагогикадагы экинчи бир фактор.

Өспүрүм курактагы мектеп окуучусунун чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык мындай факторлору ар бир окуучунун өзүн-өзү башкаруудагы жеке жөндөмүн, мүмкүнчүлүктөрүн, мотивациялык-чыгармачылык активдүүлүгүн, интеллектуалдык жеке касиеттерин жана эвристикалык мүмкүнчүлүктөрүн аныктап турушу керек. Бүгүнкү күндө Кыргызстандын жалпы мектептеринде да бул өлкөдөгү билим берүү “Себат” кыргыз-түрк лицейлеринде да өспүрүм курактагы окуучунун жеке чыгармачылык табигый жөндөмдүүлүгүн өстүрүү боюнча педагогикалык баалоонун бирдиктүү бир критерий-талартары жок, ар бир жөндөмдүүлүктүн түрү өзүнүн баалоо, аныктоо талап-критерийлери менен жашайт.

Ал эми өспүрүм курактагы мектеп окуучусунун жалпы чыгармачылыгын жана ички табигый жөндөмдүүлүгүн аныктоо боюнча тесттик тапшырмаларды, методиканы иштеп чыгууда, чыгармачылык тапшырмаларды аткарууда педагогика менен психология илимдеринде мурдатан иштелип чыккан мына бул талап-критерийлерди колдонуу талап кылынат: өспүрүм курактагы мектеп окуучусунун тигил же бул чыгармачылык тапшырманы аткарып жаткандагы ал сунуш кылган идеялар менен божомолдордун (гипотеза) учурга дал келүүсү менен жаңычылдыгы, оригиналдуулугу менен натыйжалуулугу, жалпы илимий чыгармачылык талаптарга дал келүүсү менен

кайталангыстыгы (уникальность) бааланышы керек.

Өспүрүм курактагы мектеп окуучусунун чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн педагогикалык негизги фактор катары калыптануусун же учурдагы абалын баалоо, аныктоо процессинде биз соңку эки окуу жылы аралыгында өспүрүмдөрдүн ортоңку звенодогу (V – VII класстар) сабак-предметтерге, алар боюнча жүргүзүлгөн сабак прцесстерине болгон адаптациясын аныктап көрдүк. Мында өспүрүмдүн жалпы эле чыгармачылык субъектисиинин калыптанып бараткан байкалды. Бизге негизги бир нерсе белгилүү болчу: мындай эксперименттке тартылган окуучулурдын биз менен боло турган ачык диалогко тартылышы үчүн социалдык-психологиялык бир катар факторлордун чечилиши жана буга ылайык педагогикалык шарттардын түзүлүшүкерек болчу, биз мындайлардын баарын эске алдык.

Мындай ыкма-амалдар менен жүргүзүлгөн экспериментте өспүрүм курактагы окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу процессинде же анын канчалык деңгээлде бар экендигин баалоо порцессинде биз бир нече педагогикалык факторлорду да у нутта калтырган жокпуз. Андай факторлордун биринчиси, айталы, өспүрүмдүн буга чейин калыптанып калган ишмердүүлүк жөндөмдүүлүгү менен анын ички табигый туруктуу жөндөм-шыгы, шартка жараша калыптанып олтурган билими менен билгичтиктери, сабакты өздөштүрүүдө, тапшырмаларды аткарууда, эмгекте, таанып-билүүдө жана башкалар менен алака-катышта, мамиледе – мына ушул процесстердин ортосундагы байкалган карама-каршылыктар болду.

Ошого карабастан, социомаданий чөйрөдөгү жүрүп жаткан тынымсыз өзгөрүүлөр, андагы тынымсыз болуп жаткан кайталануулар ар бир инсандын чыгармачылык потенциалынын толукталашына, калыптанып, өөрчүп-өнүгүп отурушуна алып келээри белгилүү болду.

Чыгармачылык жөндөмдүүлүктү калыптандыруу процессинин тарыхый өнүгүшүнө назар салсак, анын ички табиятында бир катар карама-каршылыктар болуп келгенин көрөбүз. Инсандын өзүнүн калыптанышындагы айрым элементтер ( таанып-билүүчүлүк, мотивациялык, ыкчам аракет, жаңылыкты тез кабыл алуу ж.б.у.с.) менен ишмердүүлүк субъектин ортосундагы карама-каршылыктар. Мындай шартта, психологдордун пикирине ылайык, калыптануунун, өнүгүүнүн ички факторлору тууралуу сөз кылуу зарылдыгы келип чыгат, инсандын өзүнүн андай карама-каршылыктарды байкап, өзүн-өзү башкаруу “механизмин” ишке киргизүү аракетине жараша болот, мунун натыйжалуулугу ар кандай факторлорго караганда кыйла жогору.

Өспүрүм курактагы мектеп окуучусунун калыптанып келе жаткан инсан катары өзүн-өзү таанып билүүсү, анын иш-аракеттериндеги рефлекция биздин эксперименталдык изилдөөлөрүбүздүн предметине айланды. Рефлекция – чыгармачылык процесстин эң эле бир маанилүү факторлорунун бири катары ал окуучунун чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн көрсөтүп туруучу барометр, же болбосо критерий катары кызмат аткарат. Психология илиминдеги рефлекция феноменин педагогикалык жактан терең өздөштүргөндө, анын натыйжаларын байкай баштаганыбызда гана мунун инсандын жеке чыгармачылык жөндөмдүүлүгун калыптандыруу процессиндеги кандайдыр бир комплекстүү иш жүрүп жатканын байкадык. Тажрыйбалык-экспетименталдык ишибиздин натыйжалуулугу да мына ушунун натыйжасында даана көрүнө баштады.

Мындай натыйжаларды кандай көрсөткүчтөр аныктады? Эң оболу, ишмердүүлүктүн субъектисиинин (башкача айтканда, тажрыйбалык изилдөөлөргө катышкан өспүрүмдүн, инсандын) ой-жүгүртүүсүндүгү жана иш-аракеттериндеги өзүнө-өзү сынчыл мамиледе болушу (самокртичность). Окуучудагы мындай касиеттер азыр социалдык ири мааниге ээ болуп, окуу процессинин ар кандай кырдаалдарында (тигил же бул маселе боюнча өзүнүн оюн айтууда, кырдаалдык талаш-тартыш учурунда, ишти рецензиялоодо, баалоодо) натыйжалуу фактор экендигин көргөзүп келет.

Экинчи көрсөткүч катары чыгармачылык ишмердүүлүктүн стилин айтууга болот, бул өспүрүм курактагы окуучунун ар кандай окуу кырдаалдарында өзүнүн оюн далилдеп,

өз позициясын бекемдөө аракеттеринен көрүнөт. Мында, талашсыз, өспүрүм курактагы окуучунун буга чейин сабак берип келеген мугалимиинин да таасири бар, ошонун жетектөөсү, багыты менен гана өспүрүм тигил же бул маселеде өз позициясын бекемдеши мүмкүн.

Үчүнчү көрсөткүч - өспүрүм курактагы мектеп окуучусунун ар кандай окуу-тарбия процессинде, же кырдаалдарда суроо коө билиши. Сабакта өтүлө турган темасын мугалим толук түшүндүрүү, эч нерсесин калтырбай окуучуга жетикирүү педагогикалык стереотипке айланып калды, чынында, иш жүзүндө мындай боло бербеши толук ыктымал. Андай болгон күндө окуучуда берээр суроо калбашы мүмкүн да. Бирок ар кандай абалда окуучунун рефрекциялык активдүүлүгү тигил же бул балким түшүнүктүү маселеден айрым бир суроону пайда кылат, ал анысын мугалимине берет, бул жаман эмес. Мунун өзү окуучунун ар кандай шартта проблема көрө билүү жөндөмдүүлүгүн көрсөтөт, а мунун өзү чыгармачылык жөндөмдүүлүктүк калыптануу процесси эле.

Төртүнчү көрсөткүч - өспүрүм курактагы мектеп окуучусунун сабак процессинде талаш-тартышты, дискуссияны жарата билүүгө болгон далалаты, аракеттери. Сабак өтүүнүн диалог формалары рефлекцияны өнүктүрөт, ал эми монолог иретиндеги сабактар рефлекциялык-баалоо процессине тоскоолдуктарды жаратат.

Биздин жеке пикирибизде, мектеп курсундагы предметтерди субъективдик методдор менен багыттан, кызматташтыкка, группалар менен иштөөгө, өнөктөштүккө, диалогко багыттап, ар бир инсандын жеке чыгармачылыгынын өнүшүнө шарттар түзүлүшү керек. Активдүү чыгармачылык жөндөм дал ошол диалгдо, өнөктөшүп иштеп жаткан учурда жаралышын унутпашыбыз керек. Өспүрүм курактагы окуучунун рефлекстик чыгармачылык жөндом-шыгынын калыптанышына сабактарда кетирилген каталарды кайрадан эске түшүрүү, кайталоо (иммитаиялоо), окуучунун жеткилең айтып же түшүнө албаган маселелерди кайрадан карап чыгуу иштери өбөлгө болоорун биздин жүргүзгөн тажрыйбалар көрсөттү.

Ошентип, биз эки жылдык эксперименттик-тажрыйбалык иштердин жыйынтыгында мындай тыянактарга келдик: чыгармачылыкка багытталган өспүрүм курактагы окуучу инсандын калыптанышындагы негизги фактор болгон рефлекциянын процессинде, баарынан мурда, өзүн-өзү окутууга жана өзөн-өзү тарбиялоого багыт алат экен. Ал эми сабактарда тигил же бул багытка ориентацияланган, мурдатан жетекке көнгөн, тапшырылган нерселерди кыйшаюусуз аткарып көгөн окуучуда рефлекция да болбойт, а эң негизгиси, анын жеке чыгармачылык жөндөмдүүлүгү калыптанбайт.